**УДК:347.965**

***Абдикерим к. Г.***
*к.ю.н., доцент Ошского государственного университета, Кыргызская Республика*

## МАМЛЕКЕТ КЕПИЛДЕГЕН ЮРИДИКАЛЫК ЖАРДАМ КӨРСӨТҮҮ БОЮНЧА АДВОКАТТЫН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ

*Бул жумушта изилдөөнүн предмети катары адвокаттын юридикалык жардам көрсөтүү жараянындагы ишмердүүлүгү каралат. Изилдөөнүн максаты - мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүү боюнча адвокаттын ишмердүүлүгүн жакшыртуу боюнча илимий негизделген сунуштарды иштеп чыгуу. Изилдөөлөрдө Кыргыз Республикасынын адвокатурасы жана адвокаттык ишмердүүлүк жөнүндө мыйзамдарын талдоо методдору колдонулган. Изилдөөлөрдө юридикалык жардамдын маанилүүлүгү заманбап маалыматтык-укуктук дүйнөдө жашоону камсыз кылуунун ажырагыс шарты катары каралган. Укук системасы жөнөкөй адам үчүн татаал жана түшүнүксүз болушу мүмкүн болгон, азыркы коомдогу укуктук маселелердин контекстинде адамдар туш болгон кыйынчылыктар талдоого алынган. Жарандардын укуктарын жана кызыкчылыктарын камсыз кылууда сапаттуу юридикалык жардамдын жеткиликтүүлүгү маанилүү роль ойной турганы баса белгиленген. Кепилденген юридикалык жардамды алууда жарандар туш болгон көйгөйлөрдү талдап, аларды чечүүнүн айрым жолдору сунушталган. Адвокаттардын жарандарга жардам көрсөтүү, укуктук маселелерди чечүү жана алардын укуктарын коргоо боюнча ишмердүүлүгүн жакшыртуу боюнча изилдөөлөр жүргүзүлгөн. Татаал маалыматтык-укуктук дүйнөдө юридикалык жардамга жетүү, жарандардын турмуштук укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылуунун зарыл шарты болуп саналаары белгиленген.*

***Негизги сөздөр:*** *адвокаттык коргоо; юридикалык жардам; юридикалык колдоо; мамлекет кепилдеген юридикалык жардам; квалификациялуу жардам.*

## О ДЕЯТЕЛЬНОСТИ АДВОКАТА ПО ОКАЗАНИЮ ГАРАНТИРОВАННОЙ ГОСУДАРСТВОМ ЮРИДИЧЕСКОЙ ПОМОЩИ

*В данной работе в качестве предмета исследования рассматривается деятельность в процессе оказания юридической помощи адвокатом. Цель исследования - выработка научно обоснованных рекомендаций по улучшению деятельности адвоката по оказанию гарантированной государством юридической помощи. В исследованиях использованы методы анализа законодательства Кыргызской Республики об адвокатуре и адвокатской деятельности. В исследованиях важность юридической помощи рассматривается как неотъемлемое условие жизнеобеспечения в современном информационно-правовом мире. Правовая система анализирует проблемы, с которыми сталкиваются люди в контексте правовых проблем в современном обществе, которые могут быть сложными и непонятными для обычного человека. Выявлено, что важную роль в обеспечении прав и интересов граждан играет доступность качественной юридической помощи. Проанализированы проблемы, с которыми сталкиваются граждане при получении гарантированной юридической помощи, и предложены некоторые их решения. Проведены исследования по улучшению деятельности адвокатов по оказанию помощи гражданам, решению правовых вопросов и защите их прав. Установлено, что доступ к юридической помощи в сложном информационно-правовом мире является необходимым условием обеспечения жизненных прав и свобод граждан.*

***Ключевые слова:*** *адвокатская защита; юридическая помощь; юридическая поддержка; гарантированная государством юридическая помощь; квалифицированная помощь.*

## ABOUT THE ACTIVITIES OF A LAWYER IN PROVIDING SERVICE GUARANTEED BY THE STATE LEGAL ASSISTANCE

*In this paper, the activity in the process of providing legal assistance by a lawyer is considered as the subject of research. The purpose of the study is to develop scientifically sound recommendations for improving the activities of a lawyer in providing state-guaranteed legal assistance. The research uses methods of analyzing the legislation of the Kyrgyz Republic on advocacy and advocacy. In research, the importance of legal aid is considered as an essential condition for life support in the modern information and legal world. The legal system analyzes the problems that people face in the context of legal problems in modern society,*

*which can be difficult and incomprehensible to an ordinary person. It is revealed that an important role in ensuring the rights and interests of citizens is played by the availability of high-quality legal assistance. The problems faced by citizens in obtaining guaranteed legal aid are analyzed and some solutions are proposed. Research has been conducted to improve the activities of lawyers to assist citizens, resolve legal issues and protect their rights. It is established that access to legal assistance in a complex information and legal world is a necessary condition for ensuring the vital rights and freedoms of citizens.*

***Key words:*** *legal defense; legal assistance; legal support; state-guaranteed legal assistance; qualified assistance.*

Юридикалык жардам – бул ар кандай юридикалык маселелер боюнча юридикалык колдоо жана консультация берүү үчүн жеке адамдарга көрсөтүлүүчү кызмат. Ал кеңири чөйрөнү камтыйт, анын ичинде юридикалык кеңеш берүү, сотто өкүлчүлүк кылуу, мыйзамдык документтерди даярдоо, ошондой эле мамлекеттик органдардын алдында жана ар кандай юридикалык кырдаалдарда кардардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо.

Юридикалык жардамдын негизги максаты - укуктук коргоону камсыз кылуу жана жарандарга укуктук көйгөйлөрдү жана талаштарды чечүүдө колдоо көрсөтүү. Бул адилеттүү соттук териштирүүгө жана сот адилеттигине жетүүгө адам укуктарын кепилдөөнүн маанилүү куралы. Юридикалык жардамды мамлекеттик органдар жана коммерциялык эмес уюмдар, ошондой эле жеке юридикалык жактар жана адвокаттык кеңселер көрсөтө алышат.

Кээ бир авторлордун пикири боюнча, «юридикалык жардам эң татаал маалыматтык-укуктук дүйнөдө адамдын жашоосун камсыз кылуунун зарыл шарты» [1]. Мунун негизинде калкты, анын ичинде ар кандай себептерден улам келип чыккан айрым укуктук маселелерди өз алдынча чече албаган адамдарды укуктук камсыздоонун өнүккөн системасын камсыз кылуу боюнча мамлекеттик тапшырманы иштеп чыгуу жана ишке ашыруу ачык-айкын көрүнүп турат.

Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык [2], ар бир адам квалификациялуу юридикалык жардам алууга укуктуу. Бул жобо төмөнкүлөрдү билдирет: - ар бир адам квалификациялуу юридикалык жардам алууга укуктуу, мыйзамда каралган учурларда юридикалык жардам мамлекеттин эсебинен көрсөтүлөт; — биздин мамлекет кимге болбосун бул жардамды алуу үчүн конституциялык кепилдик берет.

«Квалификациялуу юридикалык жардам» терминин мааниси «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 10-августундагы № 91 Мыйзамында [3] аныкталган.

Ушул Мыйзамдын 4-беренесинин 4-пунктуна ылайык, квалификациялуу юридикалык жардам - кылмыш-жаза, жарандык, административдик иштер боюнча жана укук бузуулар жөнүндө иштер боюнча адамдардын мыйзамдуу укуктарын жана кызыкчылыктарын билдирүү жана/же коргоо боюнча адвокаттын кесиптик иши сот өндүрүшүнүн бардык баскычтарында мамлекеттин эсебинен [3].

«Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 15-беренесине ылайык адвокат - мыйзамда белгиленген тартипте адвокаттык иш жүргүзүү укугуна лицензия алган жана Адвокатуранын мүчөсү болуп саналган Кыргыз Республикасынын жараны [4].

"Жарандын акысыз квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугу" түшүнүгү "квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугу" деген терминден келип чыккандай. Бир гана айырмасы, бизде мындай жардам бекер берилет жана аны пайдаланууга укугу бар адамдардын тизмеси, мыйзам тарабынан белгиленет. Квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугу сот адилеттигине жетүүнүн жана жарандардын укуктарын коргоонун маанилүү

аспектиси болуп саналат. Бирок, бул жардам бекер берилгенде, финансылык мүмкүнчүлүктөрү чектелүү жарандардын укуктарын жана кызыкчылыктарын өзгөчө коргоону камсыздайт.

Акысыз юридикалык жардам алууга укугу бар адамдардын мыйзамдуу түрдө белгиленген тизмесин түзүү, юридикалык кызматтарга адилеттүү жана тең укуктуу жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу үчүн маанилүү. Бул каржылык абалына же башка жагдайларга байланыштуу жардамга эң муктаж болгондор үчүн артыкчылык берүүгө мүмкүндүк берет [5].

Алсак, “Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамында [3] Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети Адвокаттар кеңешинин сунуштарын эске алуу менен мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды координациялоо борборун түзөөрү, анын укуктук статусун жана анын ишинин тартибин аныктай тургандыгы белгиленген. Бул борбордун ыйгарым укуктарына башка нерселер менен катар белгиленген тартипте мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүү боюнча адвокаттардын ишмердүүлүгүнө мониторинг жүргүзүү да кирет.

Аталган борбордун расмий сайтындагы маалыматтарга таянсак, калкка акысыз юридикалык кеп-кеңештерди берүү максатында маал-маалы менен декадалар жана иш-чаралар өткөрүлүп турарын, ошондой эле район-шаарлардагы адвокаттардын реестринин маалыматтары бар экенин көрүүгө болот , консультация берүүдөн тышкары, калкка бекер юридикалык жардам да көрсөтөт.

Каралып жаткан тутумга катышкан адвокаттардын сый акыларын жана чыгымдарынын компенсациясын каржылоо мамлекеттин чыгаша милдеттенмелери болуп санала тургандыгын кошумчалоо керек, алар календарлык жылдын акырына карата адвокат акысыз юридикалык жардам көрсөткөн иштердин санына жараша төлөнөт [6].

Ошондой эле Адвокаттын милдеттерине акысыз юридикалык жардам көрсөтүү жөнүндө отчетторду түзүү да кирет. Акысыз юридикалык жардам алуу үчүн баардык жарандар кайрылууга укуктуу эгерде адамдын жылдык кирешеси республикалык бюджет жөнүндө мыйзамда жыл сайын белгиленген эсептик көрсөткүчтөн 60 эсе ашпаса.

Акысыз юридикалык жардам көрсөтүүчү адвокаттардын көйгөйлөрүн эске алуу менен төмөнкүдөй жалпы көйгөйлөрдү аныктоого болот:

1. Каржылоонун жетишсиздиги: акысыз юридикалык жардам көрсөтүүчү көптөгөн адвокаттар каржылык ресурстардын чектелүүсүнө дуушар болушат, бул кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүн жана көрсөтүлгөн жардамдын сапатын чектеши мүмкүн;

2. Жеткиликтүүлүктүн чектелиши: кээ бир региондордо акысыз юридикалык жардам боюнча адистешкен адвокаттар жетишсиз болушу мүмкүн, бул муктаж болгондор үчүн кызматтардын жеткиликтүүлүгүнүн чектелишине алып келет;

3. Маалымдуулуктун жетишсиздиги: кээ бир адамдар акысыз юридикалык жардамдын бар экендигин билбеши мүмкүн же жардамга кантип кайрылуу керектиги жөнүндө маалыматы жок болушу мүмкүн, бул аларга керектүү жардамды алууда тоскоолдуктарды жаратат;

4. Кызматтардын чектелген спектри: акысыз адвокаттык кызмат көрсөтүүлөр көбүнчө юридикалык жардамдын айрым түрлөрү менен же укуктун чөйрөлөрү менен чектелет, бул адамдардын айрым топторун ар кандай укуктук маселелерде колдоосуз калтырышы мүмкүн;

5. Кызматтардын сапаты: ресурстардын чектелгендигинен жана жумуштун көптүгүнөн улам,кээ бир акысыз адвокаттык кызматтар көрсөтүлгөн жардамдын сапаты же көлөмүнүн жетишсиздигинен жабыркашы мүмкүн.

Практикада акысыз юридикалык жардам көрсөтүү системасына катышкан айрым адвокаттар бул системага катышкан башкаларга караганда көбүрөөк тартылары белгилүү болот. Адвокаттардын ортосунда жүктөмдү бирдей бөлүштүрүү маселесин чечүү үчүн, алар жаран кайрылганда аны конкреттүү адвокатка бөлүштүрө алган адвокаттар коллегияларынын базасында атайын түзүмдөрдү түзүү зарыл [7].

Адвокаттар коллегияларынын негизинде кардарларды адвокаттардын ортосунда бөлүштүрө турган атайын түзүмдөрдү түзүү, бул процессти оптималдаштырууга жана жумуштун бир калыпта болушун камсыз кылууга жардам берет.

Бирок, бул схеманы ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн, төмөнкү аспектилерди эске алуу керек:

- ачыктык жана калыстык: кардарды бөлүштүрүү процесси ачык-айкын жана калыстыкта болуш керек, жана ар бир кардардын спецификалык муктаждыктарын эске алуу зарыл;
- адвокаттардын квалификациясы: көрсөтүлгөн юридикалык жардамдын сапатын камсыз кылуу үчүн, кардарларды дайындоодо ар бир адвокаттын квалификациясын жана тажрыйбасын эске алуу маанилүү;
- административдик колдоо: мындай түзүмдөрдүн эффективдүү иштеши үчүн административдик колдоо көрсөтүлүшү керек, анын ичинде программалык камсыздоону иштеп чыгуу жана кызматкерлерди окутуу;
- адвокаттар менен кызматташуу: анын натыйжалуу иштешин камсыз кылуу үчүн, системага тартылган бардык юристтердин кызматташуусун, жана колдоосун камсыз кылуу маанилүү;
- кайтарым байланыш жана мониторинг: иш жүгүн бөлүштүрүүнүн жана юридикалык жардам көрсөтүүнүн натыйжалуулугун жана сапатын баалоо үчүн кайтарым байланыш жана мониторинг механизмдерин ишке киргизүү керек.

Эгерде бул аспектилер сакталса, сунушталып жаткан схема адвокаттар ортосунда жүктү бирдей бөлүштүрүү жана жарандардын акысыз юридикалык жардамга бирдей жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу маселесин чечүүнүн натыйжалуу куралы боло алат[8].

Иш жүзүндө адвокаттар акысыз юридикалык жардам системасынын алкагында көрсөткөн кызматтары жөнүндө отчет берүүдө кыйынчылыктарга туш болушат.

Акысыз юридикалык жардам системасынын алкагында көрсөтүлүүчү кызматтар жөнүндө отчеттуулуктун кыйынчылыктары бир катар факторлордон улам келип чыгышы мүмкүн. Алардын айрымдары жана ошондой эле аларды чечүү боюнча сунуштар:

• отчет берүү процессинин татаалдыгы: адвокаттарга талап кылынган иш кагаздарын тез жана оңой толтурууга мүмкүндүк берүүчү стандартташтырылган формаларды, же электрондук системаларды түзүү аркылуу отчет берүү процессин жөнөкөйлөтүү;

• кошумча убакыт жана ресурстар керек: иш кагаздарын жүргүзүүгө жана отчетторун түзүүгө жардам бере турган, административдик кызматкерлер же жардамчылар түрүндө колдоо көрсөтүү менен адвокаттарды камсыз кылуу;

• кичинекей сый акы: акысыз юридикалык жардам көрсөтүү процессин алар үчүн жагымдуураак кылуу үчүн, адвокаттардын эмгек акысын жогорулатууну карап чыгуу;

• окутуу жана колдоо: адвокаттар үчүн отчеттуулук жана акысыз юридикалык жардам көрсөтүү боюнча тренингдерди өткөрүү, аларга консультацияларды жана маалыматтык ресурстарды алуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу;

• акысыз юридикалык жардам көрсөтүүчү уюмдардын пикири жана колдоосу: Система юристтерге алардын суроолорун жана отчеттук көйгөйлөрүн чечүү үчүн зарыл болгон пикирлерди жана колдоо көрсөтүүсү керек.

Бул көйгөйлөрдү чечүү акысыз юридикалык жардам системасынын натыйжалуулугун жогорулатууга жана жарандардын бул кызматтарга кеңири жеткиликтүүлүгүн камсыздай алат. Бүгүнкү күндө акысыз юридикалык жардамга суроо-талап жогору болуп жаткандай. Бирок иш жүзүндө жарандардын аны камсыз кылуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалымдуулугунун деңгээли төмөн. Белгилеп кетсек, жарандардын акысыз юридикалык жардам көрсөтүү мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалымдуулук деңгээлин жогорулатуу бул кызматтын жеткиликтүүлүгүн жана натыйжалуулугун камсыздоонун маанилүү кадамы болуп саналат. Веб-сайттар, онлайн платформалар жана социалдык тармактар сыяктуу электрондук ресурстар укуктар жана юридикалык жардамга жетүү жөнүндө маалыматты жайылтуунун эффективдүү жолу болуп саналат. Коомчулукка мыйзамдуу түрдө билим берүү үчүн электрондук ресурстарды колдонуунун бир нече жолдору бар:

1. Маалыматтык порталдарды жана веб-сайттарды түзүү: укуктар, юридикалык жардамдын жеткиликтүү түрлөрү, жардам алуу үчүн кайрылуунун тартиби, акысыз жардам көрсөтүүчү адвокаттардын жана уюмдардын байланыш маалыматтары жөнүндө маалымат берүү;

2. Онлайн консультацияларды уюштуруу: жарандар өздөрүнүн юридикалык суроолоруна жооп ала турган атайын платформалар же чаттар аркылуу адвокаттар менен онлайн консультация алуу мүмкүнчүлүгүн берүү;

3. Вебинарларды жана онлайн курстарды өткөрүү: укуктун негиздери, процедуралык маселелер жана юридикалык жардамга жетүү боюнча вебинар жана онлайн курстар түрүндөгү билим берүү иш-чараларын уюштуруу;

4. Социалдык тармактарды активдүү колдонуу: Фейсбук, Twitter, Instagram жана башкалар сыяктуу популярдуу социалдык тармактар аркылуу акысыз юридикалык жардам көрсөтүү жөнүндө маалыматты жайылтуу;

5. Мобилдик тиркемени иштеп чыгуу: укуктук маалыматка, онлайн консультацияларга жана укук жаатында башка кызматтарга жетүүнү камсыз кылган мобилдик тиркемелерди түзүү.

Укуктук билим берүү үчүн электрондук ресурстарды эффективдүү пайдалануу жарандардын өз укуктары жана юридикалык жардам алуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалымдуулугун жогорулатууга көмөктөшөт, бул өз кезегинде адилеттүүлүктүн бардыгы үчүн жеткиликтүүлүгүнө өбөлгө түзөт.

Ошентип, мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүүдө адвокаттардын ишмердүүлүгүн изилдөө бир катар маанилүү тыянактарды чыгарууга мүмкүндүк берет.

**Жыйынтыктар:**

1. Акысыз юридикалык жардам көрсөтүү калктын бардык катмарынын сот адилеттигине жетүүсүн камсыз кылуучу укуктук системанын ажырагыс элементи болуп саналары белгиленген;

2. Юридикалык жардам көрсөтүүчү кызматтарга суроо-талап жогору болгону менен, жарандардын акысыз юридикалык жардам көрсөтүү мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалыматынын төмөн деңгээли олуттуу көйгөй экендиги, бул укуктук билим берүү жана маалыматты жайылтуу үчүн электрондук ресурстарды колдонуу боюнча кошумча күч-аракетти талап кылары көрсөтүлгөн;

3. Бул багыттагы системанын эффективдүү иштеши үчүн юристтер ортосунда жүктөмдүн бирдей эмес бөлүштүрүлүшү, эсеп-кысап берүүдөгү кыйынчылыктар жана каржылоонун жетишсиздиги сыяктуу көйгөйлөргө көңүл буруу зарыл экендиги белгиленген. Жалпысынан мамлекет кепилдеген юридикалык жардам көрсөтүүдө адвокаттардын ишмердүүлүгүн андан ары өнүктүрүү жана өркүндөтүү сот адилеттигине жеткиликтүүлүктү камсыз кылууда жана коомдун бардык мүчөлөрүнүн укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоодо негизги ролдо экендиги тастыкталган.

**Адабияттар тизмеси:**


1. **Мазаев, В.Д.** Общая характеристика законодательного обеспечения бесплатной юридической помощи в России: Аналитический доклад [Текст] / В.Д.Мазаев / Институт права и публичной политики. – М.: Акварель, 2011. – 68 с.
2. Кыргыз Республикасынын Конституциясы. - Бишкек, 2021.
3. Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 10-августундагы №91 «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» Мыйзамы.
4. Кыргыз Республикасынын 2014-жылдын 14-июлундагы № 135 "Кыргыз Республикасынын Адвокатурасы жана адвокаттык иш жөнүндө" Мыйзамы (2023-жылдын 28-февралындагы өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен).
5. **Djorobekova, A.M.** Labour migration and forced labour in the context of economic integration: new challenges and realities: statement of the problem [Текст] / A.M. Djorobekova, A.Sh. Khamzin, A.V.Boretskiy, Sh.F. Fayziev // Вестник инновационного евразийского университета. - 2020. - № 4 (80). - С. 56-61.
6. **Абдикерим, к. Г.** Адвокат-жактоочунун укуктук абалы жана аны өркүндөтүү маселелери [Текст] / Г. Абдикерим к. // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. - 2021. - №4.- С. 259-262.
7. **Абдикерим, к. Г.** Теоретические аспекты основных направлений развития адвокатуры Кыргызской Рреспублики [Текст] / Г. Абдикерим к. // Известия Иссык-Кульского форума бухгалтеров и аудиторов стран Центральной Азии. - 2020. - № 2 (29). - С. 204-210.
8. **Палеев, И.М.** Адвокатское право в системе адвокатских образований: сравнительно-правовой анализ [Текст] / И.М.Палеев // Гражданин и право. - М.: Новая правовая культура, 2010.- №7. - С. 26-32.


DOI: https://doi.org/10.54834/.vi2.427

Поступила в редакцию: 24.04.2024 г.

**УДК 342.53**

***Нарматов Н.К.***

*к.ю.н., доцент Жалал-Абадского гос. универ. им. Б.Осмонова, Кыргызская Республика*

## ПАРЛАМЕНТТИК ФРАКЦИЯЛАРДЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН УЮШТУРУУДАГЫ РОЛУ

*Бул жумушта изилдөөнүн предмети катары парламенттик фракциялардын Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ишин уюштуруудагы ролу каралган. Изилдөөнүн максаты - парламенттик фракциялардын Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ишин уюштуруудагы ролун жана ордун аныктоо. Изилдөөлөрдө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жана окумуштуулардын илимий эмгектерин талдоо методдору колдонулган. Өлкөнүн ордундуу көйгөйлөрүн чечүүдө Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешиндеги парламенттик фракциялардын ролунун жана ордунун маанилүүлүгү мыйзам чыгаруу чөйрөсүндө байкалары белгиленген. Парламенттик фракциялар мыйзам чыгаруу жараянында активдүү катышуучулары катары чыгышары тастыкталган. Парламенттик фракциялардын ролу жана орду саясия партия өзүнүн шайлоо алдындагы платформасында кандай убадаларды берип жана ишке ашыруу үчүн анын фракциясы парламентте кандай иштерди жасап жаткандыгы менен аныкталышы өзгөчө белгиленген.*

***Негизги сөздөр:*** *Конституция; Кыргыз Республикасы; Жогорку Кеңеш; парламенттик фракция; мыйзам чыгаруу; коалиция; саясия партия.*